УДК: 37.018

Байтикова Т.А., Данапияева Г.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ,*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛАНЫ ТАРБИЯЛООНУН СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ШАРТТАРЫ

*Макалада мектеп жашына чейинки курактагы балдарды тарбиялоо процессинде түзүлгөн шарттар тууралуу сөз болот. Социалдык-маданий шарттардын баланын психологиялык өнүгүүсүнө тийгизген таасири, тарбиялоо процессинде ата-эненин позициясы, үй бүлөнүн функциясы, алардын баланын кийинки жашоосунда орду, мааниси аныкталмакчы.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө тарбия, социалдык-маданий шарт, позитивдүү эмоция, нравалуулук, керектөө, коммуникативдик функция.*

*В статье рассматривается вопрос об условиях процесса воспитания детей дошкольного возраста. Определяется значение влияния социально-культурных условий на психологическое развитие ребенка, позиции родителей в процессе воспитания, функции семьи и их место в дальнейшей жизни ребенка.*

***Ключевые слова:*** *семья, воспитание, социально-культурное условие, позитивная эмоция, нравственность, потребности, коммуникативная функция.*

*This article discusses the conditions of the upbrining process of children of preschool age.The influence of socio-cultural conditions on a child's psychological development, the position of parents in the upbrining process,the function of the family and their place in the child's further life is determined.*

***Key words:*** *family, upbringing, socio-cultural condition, positive emotion, morality, needs, communicative function.*

Тарбиянын негизги институту – уй-бүлө. Баланын психофизиологиялык жактан норма боюнча өсүп, өнүгүүсү көп учурда үй-бүлөлүк тарбиядан көз каранды болот.

Бүгүнкү күндө өлкөбүздө мектеп жашына чейинки курактагы балдарды тарбиялоо маселесине өзгөчө көңүл бурулуп келе жатат. Буга «Балдар укугу тууралуу конвенция» (1995), Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө мыйзамы» (2003), «XXI кылымдын кадрлары», «Билим», «Маданият», «Дени сак эне – дени сак бала – дени сак улут» ж.б. сыяктуу улуттук программалар далил боло алат [3]. Анын ичинен тарбиянын башаты үй-бүлө, маданияттуу болуунун негизи үйдөн башталгандыктан, баланы үйдө, социалдык-маданий шартта тарбиялоо коомдун талабы жана аны иликтөө иши актуалдуу деп белгилөөгө негиз бар.

Кыргыз элинин менталитетинде үйдө баланы тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулуп, баланы меймандостукка, чыдамдуулукка, эмгекчил, чынчыл болууга, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоого тарбиялоого чоң маани берилип келет.

Адатта, ар бир баланын маданияттуулук деңгээли айлана-чөйрөсүндө жашаган адамдардын кулк-мүнөзүнө, маданияттуу тарбиясына, өз ара байланыш түзүү иш-аракеттерине таасирленүүсүнө байланыштуу.

Ж.Ж.Руссо өз эмгегинде балага тарбиянын факторлору болгон жаратылыш, адамдар жана коом таасир этерин белгилейт. Баланын талапка жооп берерлик деңгээлде табигый өнүгүүсү жогорудагы факторлорго карата камсыздалат. Ал үчүн баланын баалуулуктарын, кызыкчылыгын эске алып, курагына жараша керектөөсүн канааттандырууга шарт түзүлүшү зарыл [2].

Үй-бүлө балага эки жактуу, биринчиден, материалдык жактан камсыз болуусу, экинчиден, үй-бүлөнүн маданий жана руханий байлыгы таасир этет. Бул көбүнчө үй-бүлөгө коомдун, анын максатынын, идеологиясынын, эстетикалык көз караштын, адамгерчилик мамилелердин калыптанышына да өз таасирин тийгизет. Ар бир үй-бүлөдө баланы

тарбиялоого карата шарт ар башкача түзүлөт. Ага өлкөбүздүн экономикалык абалы өз изин калтырат. Мисалы, мектеп жашына чейинки курактагы баланын керектөөлөрүнө жараша материалдык жактан камсыз болушунда (кийим-кече, тамак-аш, оюнчуктар, жомок китептери, балдарга арналган буюмдар ж.б) айырмачылыктар бар. Бардык эле үй-бүлө балага каалагандай шарт түзүп бере албай, ал үй-бүлөлүк бюджетке көз каранды болот. Айрым үй-бүлөдө бала үчүн бардык шарттар түзүлөт. Бул бир жагы. Экинчиден, үйдөгү жагымдуу психологиялык климат баланын психикалык өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизет. Ата-эне жана башка үй-бүлө мүчөлөрү (чоң энеси, чоң атасы, агасы, эжеси ж.б) маданияттуулуктун жогорку деңгээлине ээ болуу менен, тарбиялоону улуттук-маданий багытта уюштуруусу, алар өз ара мамиле түзүүдө этикалык нормалардын сакталышы, ортолорунда урмат-сый мамилелердин ачык көрүнүшүндө баланын аларга таасирленүүсү өтө маанилүү. Мектеп жашына чейинки куракта бала айлана-чөйрөдө болуп жаткан кырдаалдарга маани берүү менен, бардыгын жан дүйнөсүнө сиңирип алат. Ошондуктан баланын жашоосун позитивдүү эмоциялар коштоосу максатка ылайык, ал бардык керектүү буюмдар ж.б. камсыз болгондугуна карабастан, эмоционалдык байланышка муктаж экендигин белгилөө максатка ылайык.

Профессор Н.А.Асипова өз эмгегинде адам менен коомдун ортосундагы алака, карым-катнаш жана алардын туура чечилиши байыртадан келе жаткан актуалдуу маселелерден болуп эсептелерин, өзүн курчап турган шартка, коомго, социалдык чөйрөгө карай ыңгайлашуу, анын талабына жараша жашоо жана аны менен карым - катнашта болуу адамдын табиятына мүнөздүү болгон өзгөчө касиет экендигин баса белгилейт [1].

Кайсы гана тарыхый мезгил болбосун, адамдын жекече, психологиялык жактан өнүгүүсү өзү жашаган коомдо, айлана-чөйрөдө жана үй-бүлөдө өтөрү белгилүү. Ушул максатта, мектеп жашына чейинки курактагы балага үйдөгү жагымдуу шарт чон таасир тийгизет. Мисалы, ата-энеси дайыма бала менен эмоционалдык байланышта болуп, анын кызыгуу менен берген суроолоруна ишенимдүү жооп берүүсү зарыл.

Ушул багытта В.С.Мухина ж.б. изилдөөчүлөр үй-бүлөдө ата-эне менен баланын ортосундагы өз ара байланыш маселесине көңүл бурушкан. Алар үй-бүлөдө мектеп жашына чейинки куракта баланы үй-бүлөлүк тиричилик жумуштарына катыштырып, ата-эненин мактоосуна татыктуу эмоционалдык мамиле түзүлсө, анын өнүгүүсү максатка ылайык болорун белгилешкен [5].

Үйдөгү жагымдуу шарттын негизин түзгөн эмоционалдык байланышта баланын ата-энеси жана башка үй-бүлө мүчөлөрү менен эркин пикирлешүү процессинде руханий жан дүйнө жакындыгы пайда болот. Бул куракта баланы көп нерсе кызыктырат, ал кызыккан суроолоруна туура, ишенимдүү жооп алуусунда чөйрө менен дагы сүйлөшүүгө умтулуп, сөз байлыгы артып, тез байланыш түзүү жөндөмү калыптанат. Байланыштын тыгыз формасы, өз ара жардамдашуу, эркиндик берүүдө бала ачык кызматташууга өтөт.

Үлгүлүү үй- бүлөлөрдө бул курактагы балдары менен китепти бирге үн чыгарып окуу жакшы традицияга айланган. Чоңдордун жомок окуп берип, кайрадан текстти бала менен бирдикте талкуулоосу нравалуулукка тарбиялоонун бирден-бир жолу жана ошону менен бирге жан дүйнөсүн ойготуучу стимул боло алат. Баланы үйдөгү жагымдуу шарттын жардамында мектепке акырындык менен даярдоо процесси башталат. Балага арналган убакытты таанууучулук ишмердүүлүгү үчүн бөлүүдө (китеп, альбом, китеп текче, стол, стул, түрдүү боектор, калем сап, интеллектуалдык оюнчуктардын жардамында), стимул берүүдө баланын ой жүгүртүүсү позитивдүү багытка өтүп, мектепке карата балада “Мен мектепке барам”деген өздүк позиция пайда болот.

Үйдө баланын абсолюттук коопсуздугун, аны үй-бүлө мүчөлөрү сүйөрүн, кабыл алынгандыгын сезүүсү, анын талантынын, жөндөмүнүн өнүгүүшүнө шарт түзүлүшү, үй-бүлөнүн коммуникативдик функциясы, балага толук ишеним көрсөтүүсү,

эмпатия проблемасы (бала менен кошо кайгыруу) да өтө маанилүү. Психикалык өнүгүү тездик менен өнүгүп жаткан мезгилде балада үй-бүлөлүк биримдик сезиминин жаралышында анда инсандык сапаттардын калыптанышына түрткү болот. Айлана-чөйрөгө, ата-энеге, бир тууганадарына болгон сүйүү сезими күчөп, балада боорукердик, ак көңүлдүк, чынчылдык, мээримдүүлүк сапаттары калыптанып, бардык кырдаалга карата жоопкерчилик мамиле пайда болот.

Жакшы сапаттарга ээ ата-эненин тарбиясынан жакшы балдар чоңоюп өсүшөт. Ошол себептүү ата-эненин инсандык сапаттары да чоң роль ойнойт. Бул тууралуу А.С.Макаренко өз эмгегинде үй-бүлө бала үчүн өзгөчө орун ээлерин, ата-эненин өздүк жүрүм-туруму, бири-бирине болгон жылуу мамилеси, сый-урматы өтө маанилүү экендигин, ата-эне бала үчүн жакшы көрүнүштөрдүн үлгүсү болушу керектигин баса белгилеген [4].

Дегеле, аталган үлгүлөр баланын жүрүм-турумунан гана эмес, психикалык жактан да тарбиялап, билимдүү болушуна да түздөн-түз шарт түзөт десек болот.

Мектеп жашына чейинки балдардын психикалык өзгөчөлүктөрүн, пикирлешүү маданиятында жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен, кыргыздын улуттук каада-салттары тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруунун да мааниси чоң. Анткени өсүп келе жаткан бала улуттук баалуулуктардан кабардар болуу менен бирге патриоттуулук духта тарбияланышы шарт. Бул максатта үй-бүлө башаты да тарбиялоо процессинде улуттук каада-салттар, традицияларды колдонуусу жакшы натыйжаларды берип келет. Мисалы, эрте балалык куракта эле салттарга аралашып жүргөн балада улуттук баалуулуктар тууралуу маалыматтар аң-сезиминде топтолуп, аларды кандай шартта колдоно тургандыгын үйрөнүү менен тарбиялык маанисин түшүнө баштайт.

Үй-бүлөдөгү мамилелер, колдонулган күн тартиптери балага атайын колдонулган ыкмалардан да көрүнөт.

Тарбиялоо процессинде авторитардык, демократиялык жана либералдык стилдер колдонулат. Ата-эне авторитардык стилди колдонууда үйдөгү катуу тартип баланын өмүр бою эсинде калып, күч менен иш жасатуу, агрессиялык сапаттардын калыптанышы, бири-бирине болгон суз мамиле, корккондон баланын калп айтуусу, баланын өзүнө болгон ишеним сезимдин жоголушу, баланын ишине ашыкча кийлигишүү учурлары кездешет. Баланын кызыгуусу психологиялык оор басымга туш болот.

Либерализмде үй- бүлө мүчөлөрү бири-бири менен эч кандай байланышы жок, өз ара кайдыгер мамилеге түп, мектеп жашына чейинки курактагы балада аутизм пайда болушу мүмкүн. Бул учурда баланын кызыгусу, баалуулуктары четке кагылат.

Демократиялык стилди колдонууда бири-бири менен бирдиктүү кызыкчылыктар, бири-бирин колдоо, бири-бирин түшүнүү жүрүп, баланын кызыгуусуна дайыма үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүлөт. Көпчүлүк үй-бүлөдө демократиялык стиль колдонулуп, баланын бардык талаптары эске алынат. Мисалы, ата-эне тиешелүү нерселерди баланын тандоосуна коюусу, анын пикирин эске алып, кеңешчи катары кабылдоосу жакшы натыйжа берген учурлар кездешет. Мындай үй-бүлөдө чоңойгон балада өздүк позициясына туруу, эркин чечим кабыл алуу жөндөмү калыптанат.

Үй- бүлөлүк тарбиянын типологиясынын негизги багытын түшүнүүдө ата-эненин тарбиялык установкаларын жана позициясын үйрөнүүгө туура келет, т.а., алардын баланын жүрүм-турумуна шайкеш келүүчү көз карашы, өз пикири, мамилеси саналат. Ата-эненин оптималдуу позициясы адекваттуулук, ийкемдүүлүк, алдын -ала көрө билүүдө көрүнөт. Адекваттуу позицияда ата-эне баланын жекечелигин, анын жан дүйнөсүндө эмне болуп жаткандыгын түшүнөт. Ата-эненин алдын ала көрө билүү позициясында баланын каалоосун, кызыгуусун, баалуулуктарын эске алуу менен пикир алышуу стилин өзгөртөт. Анын негизинде ата-эне менен баланын ортосунда оптималдуу дистанция сакталат.

Ата-эненин ийкемдүү позициясы тарбиялоонун стилин үй-бүлөлүк шартка жараша өзгөртүп турат. Мисалы, шартка карата баланы материалдык жактан камсыздоо, моралдык жактан дайыма колдоо көрсөтүү, анын кызыгуусун канааттандыруу максатында эс алуу жайларына алып баруу, мүмкүн болушунча бала менен бирге көбүрөөк убакыт өткөрүү ж.б.

Бала менен болгон өтө жакын психологиялык контакт – бул тарбиялоо процессине карата универсалдуу талаптар, ал ар бир үй бүлөдө бардык ата-энелерге сунушталат. Мындай байланыш баланын кайсы курагы болбосун, зарыл болуп саналат. Байланышты тереңден сезе билүү, бала менен кошо кайгыруу сезимдери баладагы ата-энеге болгон сүйүүнү күчөтүп, ата-энеге байланат да, аларга камкордук көрүүгө болгон иш-аракеттердин алгачкы кадамдары мектеп жашына чейинки куракта байкала баштайт.

Үй-бүлөдө эстетикалык мамиленин да орду бар. Ал балага эстетикалык тарбия берип, бала өзүн-өзү эстетикалык жактан тарбиялоого үйрөнөт. Мисалы, бала үй-бүлөдө көргөн мамилелердин, кийим кийинүүнүн, туура жүрүм-турумдун этикалык нормаларын өзүндө калыптандырат. Нравалык жана психологиялык-эстетикалык мамилелер үй-бүлөдөгү маданияттын негиздерин калыптандырат. Мындай мамилелердин эмоционалдык мааниси өтө чоң. Алар үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн баалуулук ориентациясын козгоп, жалпысынан, бүтүндөй үй-бүлөлүк жашоонун ийгилигин камсыздайт. Үй-бүлөнүн жетишкендиги, үлгүлүү деңгээли баланын психикасына сөзсүз түрдө таасир этет.

Үй-бүлөдөгү адекваттуу социалдык-маданий шарттардын таасиринде мектеп жашына чейинки курактагы балада айлана-чөйрөсүнө, башка адамдарга жана өзүнө карата мамилеси пайда болот. Бул мезгилде өнүгүү мотивдери басымдуулук кылып, балада психикалык процесстердин тездик менен өнүгүүсү байкалат. Ошондуктан үй-бүлөдө бала үчүн талапка жооп берерлик деңгээлде социалдык-маданий шарттын түзүлүшү өтө маанилүү. Шарттардын таасири өнүгүү мотивдеринде чагылып, баланын кийинки жашоосунда өз изин калтырат, тактап айтканда, баланын инсандык сапаттары калыптанат.

Мектеп жашына чейинки курактагы бала айлана-чөйрөсүнө маани берүүдө жаратылышка, табигый кубулуштарга аяр мамиле жасоону үйрөнөт. Ал эми чөйрөдөгү адамдарга кылган мамилеси аларга болгон сый-урмат, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, ата-эненин ордун билүү, курбалдаштар менен карым-катнаш түзүү, жакын адамдарды жакшы көрүүдөн байкалат.

Баланын өзүнө кылган мамилеси өздүк позициянын пайда болушу, өз жүрүм-турумун аң-сезимдүүлүк менен адекваттуу баалоосу, өзүн-өзү таануусу, өзүнө өзү сын бере баштоосунан көрүнөт.

Мектеп жашына чейинки курактагы балада мүнөздүк сапаттар, өздүк түшүнүгү жана ал чөйрөгө пайдалуу болууга, адамдардын керегине жароого карата туруктуу сезимдер калыптана баштайт. Бул өнүгүү үй-бүлөлүк тарбиянын таасири деп айтууга толук негиз бар. Бала психологиялык жактан коомдун талабына ылайык өнүгүү жолунда кайсы куракта болбосун камкордукка, укук камкордугуна, колдоого, жылуу мамилеге дайыма муктаж болуп келет. Ошол себептүү үй-бүлө мүчөлөрү мектеп жашына чейинки курактагы балага көбүрөөк көңүл бөлүүсү талапка ылайык.

Ошентсе да коом өзгөрүп, өлкөбүздө саясий жана экономикалык туруксуздуктан улам баланын психикалык өнүгүүсүнө да таасир эткен учурлар жана үй-бүлөлүк тарбиянын, балага болгон сүйүүнүн, эмоционалдык мамиленин жетишсиздиги, анын натыйжасында балада терс сапаттар болгон агрессивдүүлүк, эгоизм ж.б. калыптанып калган учурларды кезиктирүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, үй-бүлөдө мектеп жашына чейинки курактагы балдар үчүн социалдык-маданий шарттарды түзүү проблемасы баланын гана эмес, бүгүнкү күндүн жана

келечектеги муундун өнүгүшүнө кызыкдар бүтүндөй коомчулуктун да көйгөйү болуп саналат. Тарбиялоо процессине үй-бүлө менен бирдикте социалдык чөйрөдөгү тарбиялоонун бардык институттары активдүү катышуусу зарыл.

**Адабияттар:**

1. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. -Б.: КТМУ, 2004. – 185 с.
2. Алексеева М.М., Яшина В.И. Методика развития речи и обучение родному языку. Уч. пособ. для студентов. 2-е изд. -М.: Академия, 1998. -400 с.
3. Концепция дошкольного образования Кыргызской Республики //Кут билим. -№ 3, № 4. -1995.
4. Макаренко А.С. Книга для родителей. -М., 1983. -358 с.
5. Мухина В.С. Детская психология. -М., 1999. -336 с.